# “Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды укуктук коргоо” долбоору боюнча отчет

“Бир Дүйнө-Кыргызстан” укук коргоо кыймылы”коомдук бирикмеси

Кыйноолордон жабыркагандарга БУУнун ыктыярдуу мүчөлүк акылары фондунун колдоосу менен

2023 ЖЫЛ

# АЯРЛУУ ЖАРАНДАРДЫ КОЛДОО

Долбоордун максаты – коргоонун улуттук жана эл аралык механизмдерин колдонуу менен  квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жана адвокаттык жактоо аркылуу кыйноолордон  жана катаал мамилелерден жабыркагандардын укуктарын коргоо.

2018-жылдан бери “Бир Дүйнө Кыргызстан” УК “Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарга укуктук коргоо” долбоорунун алкагында кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркаган жарандарды БУУнун ыктыярдуу мүчөлүк акылары фондусунун колдоосу менен коргоого алып келүүдө.

Көрсөтүлгөн жардамдардын негизинде эң аярлуу жарандар, кыйноолордон жабыр тарткандар, алардын туугандары жана жакындары кармоодо, тергөөдө, сот процесстеринде, Комитетке даттануулерды даярдоо этаптарында профессионалдуу, акысыз юридикалык консультация ала алышат, юридикалык коштоп жүрүүгө,  адвокаттык жактоого ээ болушат.

Жактоонун ички механизмдери бүткөндөн кийин Адам укуктары боюнча БУУ Комитетине даттанууларды даярдоого көмөк көрсөтүү.







# ЧАКЫРЫКТАР:

Укук коргоочулар, адвокаттар жана эксперттер негизги көйгөйлөрдүн ичинде даттануулярды алуу, ошондой эле, кыйноолор, кыйноолорго күнөөлүүлөрдүн жоопко тартылбай калуулары жөнүндө ынанымдарга калыс жана ар тараптуу иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн көз карандысыз жана натыйжалуу механизмдердин жок экендигин аташат.

2021-жылдын 1-декабрынан тарта жаңы институт – тергөөгө чейинки текшерүү киргизилген. Даттануучуларга негизинен, соттук-медициналык экспертизанын корутундуларынын негизинде кылмыш иштерин коргоодон баш тартышат. Тергөө үстүртөн, натыйжасыз жана ылдам өтүп кетет.


Процессуалдык коопсуздуктун жоктугу көбүнчө жабырлануучунун кыйноолордун колдонулушу жөнүндө арызынан баш тартуусуна алып келет.

Адвокаттарга кысым көрсөтүү, укук коргоо органдарынын кыйноолорго катышы бар кызматкерлеринин коркутуп-үркүтүүлөрү.


**Кыйынчылыктарга карабастан, «Бир Дүйнө Кыргызстан» УК кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандардын укуктарын коргоо миссиясын аткарууну улантып келүүдө.**

# 2023-жылга 190 консультация берилди

**БУЛАРДЫН ИЧИНЕН: КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕЛЕРДЕН ЖАБЫРКАГАНДАРГА БЕРИЛГЕН КОНСУЛЬТАЦИЯЛАРДЫН САНЫ - 70%, ТУУГАНДАРЫНА ЖАНА ЖАКЫН АДАМДАРЫНА - 30%**



## ЭРКЕКТЕР 73%



## АЯЛДАР 27 %



Көбүнчө 36 жаштан 60 жаш куракка чейинки адамдар кайрылышты.



2023-жылы жашы жете электерге карата бир нече кыйноо учурлары болду

2023-жылы Тажикстандын, Өзбекстандын, Россиянын төрт жаранын адвокаттык жактоого алды.

# Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыр тарткандардын 17 кейси боюнча адвокаттык жактоо жүргүзүлүүдө

Долбоордогу иштердин жалпы санынын 35 % - кыйноолорду колдонуу жана катаал мамилелер фактылары боюнча кылмыш иштерин козгоодон баш тартылды.

Адам укуктарынын бузулушу (катаал жана адамгерчиликсиз мамиле жасоо) үчүн эки иш боюнча компенсация өндүрүү жөнүндө иш улантылууда.

БДК адвокаттары жыл сайын БУУ адам укуктары боюнча Комитетине бир нече даттанууларды жөнөтүшөт. Даттанууларды кабыл алуудан түшүндүрмөлөрдү чыгарууга чейинки мезгил бир топ жылдарга созулат. Иштеген жылдар ичинде 10дон ашуун даттануу жөнөтүлгөн, булардын ичинен 5өө боюнча жооп келген, калгандары боюнча коммуникация жүргүзүлүүдө. 2023-жылы 3 даттануу даярдалды.

*2020-жылдын 25-июлунда абакта каза тапкан укук коргоочу Азимжан Аскаровдун өлүмгө учуроо фактысы боюнча иштин негизинде жумуш аткарылып жатат.*

Кыргызстанда кыйноолорду иликтөө маселелери жөнүндө аналитикалык отчет даярдалды.

## Долбоордун алкагындагы волонтердук иш

Кыйноолор боюнча иштер жаатында укуктук жардам алуу үчүн кайрылгандардын арасында аз камсыз жарандар дагы аз эмес. БДК адвокаттары жарандардын айыпталышы боюнча иштерди волонтердук башталышта жактоого алышат.

## Кызматташтык

Кыйноолор жабыркаган адамдын жана анын айланасындагы адамдардын турмушуна таасир этет. Стресстин кесепети өмүр бою калат. Кыйноолордон жабыр тартышкан бир нече адам жана алардын үй-бүлөлөрү “Голос свободы” коомдук фондунун көмөгү менен реабилитацияга жолдомо алышат. Быйылкы жылы 3 адам дарылоо курсунан өтүштү.

# Айрым кейстер боюнча маалымат

## Чет элдик жарандарды коргоо

Кыйноолорго дуушарланган Өзбекстан Республикасынын жараны А.Х. өлкөдөн качып чыгууга мажбур болуп, БДК укуктук жардамына кайрылган. Ош облустук соту КР Башкы прокуратурасынын кыйноолор курмандыгын Өзбекстан бийлигине өткөрүп берүү жөнүндө токтомун четке кагып, ал камактан бошотулуп, Кыргызстандын чегинен чыгып кеткен.

## Убактылуу кармоочу жайда 10 күндүн ордуна 23 күн кармалган

2022-жылдын августунда Ош облусунун Кара-Суу районунун тургуну кармалган. Ал Кара-Суу РИИБдин убактылуу кармоочу жайында 23 күн кармалып турган. Киши дубинка менен анын буттарына чапкылашканын, башына пакет кийгизишкенин жана аба киргизбей жаап, электр тогун өткөрүшкөнүн айткан. Прокуратура сунуш келтирди. БУУнун адам укуктары боюнча Комитетине даттануу даярдалууда.

## Тажикстандын 63 жштагы жараны иштеп, акча табуу үчүн келип, кыйноолорго дуушар болгон

2021-жылдын октябрында коңшу республиканын 63 жаштагы жараны Баткен облусуна иштеп, акча табуу үчүн келген. Кылмышка шектелип кармалган. Төрт күн белгисиз жерде кармап, көрсөтмө берүү талабы менен кыйноого алынган. Сот тарабынан 12 жылга эркинен ажыратылган. 2022-жылдын аягында БДКга кайрылган. Саламаттыгына доо кеткенин айтып, даттанган. Кыйноолор боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартууларга даттануу улантылууда.

## Кыйноолордон улам жашы жете элек жигит машинадан секирип кеткен

2023-жылдын 19-сентябрында БДКга 17 жаштагы А.Ю.нун апасы кайрылган. Жигитти кармап, машина менен жолдо кетип баратышканда укук бузгандыгын мойнуна алышын талап кылып, кыйноого алышкан. Жигит машина жүрүп бараткан кезде андан секирип, боюн таштаганга аргасыз болгон. Ал өзүнүн күнөөлүү эмес экендигин айтып кыйкырган. Тергөөгө чейинки текшерүү улантылууда.

# Жарандардын укуктарынын бузулушу жөнүндө коомчулукка маалымдоо

Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркаган жарандарды коргоо темалары жана коргоого алынган кейстер боюнча маалымдоо улантылды. Уюмдун сайтында долбоор боюнча 99 материал жарыяланды. Ошондой эле, социалдык тармактардагы аккаунттарда маалымат берүү иштери активдүү жүргүзүлүүдө.

Июнь айында  кыйноолор темасында адвокаттар, ККУБ, Акыйкатчы, «Позитивдүү диалог» КФ менен биргеликте даярдалган видео жана тексттик материалдар жарыяланды. Ошондой эле, Article 9 үчүн ролик даярдоого көмөкчү болдук.

Видео материалдар үч тилде: орус, кыргыз жана өзбек титрлери менен чыгарылат.

Информациялык материалдарда арыз берүүчүлөрдүн конфиденциалдуулугу сакталат.





СҮРӨТТӨ: БДК АДВОКАТТАРЫ АРЫЗДАНУУЧУЛАР ЖАНА ӨНӨКТӨШТӨР МЕНЕН СОТ ИШТЕРИН ТАЛКУУЛАШУУДА

# Көп пландуу иш

Кыйноодон жабыркагандардын укуктарын коргоо боюнча эдвокаси иш эл аралык деңгээлде жүргүзүлүп келет. Адам укуктары боюнча БУУ комитетине кыйноо курмандыктарынын индивидуалдуу даттануулары, Кыйноолор боюнча атайын баяндамачыга арыздар жөнөтүлөт, ошондой эле, Civic Solidarity Platform “Кыйноолорду алдын алуу боюнча жумушчу” топ менен биргеликте Кыргызстанда кыйноолорго тыюу салуу Индексин даярдоого, мындан тышкары, кыйноолорго чыдамдуулук деңгээлине тийиштүү жарандар арасында сурамжылоо жүргүзүүгө катышабыз.

Индекстин жана сурамжылоолордун жыйынтыктарынын презентациясы 2023-жылы Варшава шаарында ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунда Адамзаттык Чен-өлчөм боюнча конференцияда көрсөтүлгөн. Долбоордун бир катар кызматкерлери КР ККУБнун тышкы эксперттери болуп саналышат, жабык мекемелердеги мониторингдерге катышышат, кыйноо курмандыктарын ачыкташат жана аларга жардам беришет. “Адам укуктары боюнча эдвокаси борбор” БӨУ Ассоциациясы, “КР кыйноолорго каршы коалициясы”, “Справедливость” КФ жана “Article 9” менен биргеликте өз ара аракетте иш жүргүзүлөт.



ПРАКТИКА КӨРСӨТКӨНДӨЙ, КАЛККА КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ УКУКТУК ЖАРДАМ КЫЛУУГА СУРОО-ТАЛАП ЖОГОРУ. КЫЙНООЛОРДОН ЖАБЫРКАГАН ЖАРАНДАРДЫ КОРГОО УЛАНТЫЛАТ!

# Тиркеме

## “Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды укуктук коргоо” долбоорунун алкагында кыйноолор жана жоопко тартылбай калуулар менен күрөшүүдө “Бир Дүйнө Кыргызстан” укук коргоо уюмунун салымы.

Күчтүү жактары / Уюмдун жана долбоордун салымы

Кыргызстандын түштүгүндөгү “Бир Дүйнө Кыргызстан” укук коргоо кыймылы – кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды коргоону камтуу менен эң оор иштер боюнча жардам көрсөткөн алдыңкы уюмдардын бири;

Уюм тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан “Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды укуктук коргоо” долбоору эң аярлуу жарандардын сот өндүрүшүнүн бардык этаптарында корголуусуна, кылмыш өндүрүшүндө көп кездешкен көрүнүш болуп саналган зомбулукка каршы турууга жана квалификациялуу, акысыз жардам алууга мүмкүнчүлүк түзөт;

Өндүрүшкө алынган ар бир иш боюнча адвокаттар кыйноолор жөнүндө маалымдашат, кыйноо фактыларына иликтөө жүргүзүлүшүн талап кылышат, далилдерди келтиришет (көз карандысыз эксперттердин корутундулары, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү ж.б.), иликтөөдөн баш тартылган учурларда тийиштүү бекитилген тартипте прокуратура органдарына, сот органдарына, Президентке, Акыйкатчы институтуна, КР Кыйноолорду алдын алуу борборуна даттануу менен кайрылышат;

Ички механизмдер бүткөндөн кийин Адам укуктары боюнча БУУ Комитетине даттануу жөнөтүлөт;

Уюмга болгон ишеним кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркаган чет элдик жарандардын жардам сурап кайрылышкандыгынан улам көрүнүп турат. 2023-жылы адвокаттык жактоо Тажикстандын, Өзбекстандын, Россиянын төрт жаранына көрсөтүлгөн;

Атайын юридикалык билимдерди, өспүрүмдүн психологиясынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү, адвокаттардын профессионалдык деңгээли ювеналдык юстиция жетишээрлик өнүкпөгөн шарттарда кыйноолорго кабылган жаш өспүрүмдөрдү жактоо боюнча иштерди өндүрүшкө алуусуна мүмкүнчүлүк түздү;

Биз зомбулукка учураган, анын ичинде укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан зомбулук көрсөтүлгөн аялдардын жана кыздардын укуктарын коргойбуз, бул юриспруденцияны жогорку деңгээлде түшүнүүнү, гендердик мамилени, эмпатияны талап кылат.

# Тиркеме

## Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандардын укуктарына эдвокаси ЕККУ, БУУ механизмдери менен өз ара аракетте жүргүзүлөт:

Жыл сайын биз тараптан Адам укуктары боюнча БУУ комитетине үч даттануу даярдалат. 2022-жылы М. угли М, К. М., Э. Э. даттануулары жиберилген, 2023-жылы бул боюнча коммуникация процесси жүрүүдө. 2023-жылы 2023-жылы Т. Н., З.З., М.М. иштери боюнча даттануулар даярдалган.

Соңку жылдардын аралыгында 10дон ашуун даттануу жиберилген, Б. Дж., Ю. Ш., А. П., С. А., Дж. Б. даттануулары боюнча чечимдер алынган, калган даттануулар боюнча коммуникация процесси жүрүүдө;

"Бир Дүйнө Кыргызстан" укук коргоо кыймылы 2021-жылы Кыйноолорго каршы комитетке (ККК) Кыргызстан боюнча мамлекеттик отчетторду кароо үчүн суроолордун тизмеси менен билдирүү жөнөткөн жана Комитеттин 72-сессиясына катышкан. Угууларда биз тараптан эки маселе көтөрүлгөн: кыйноолор жөнүндө даттанууларды иликтөө зарылдыгы, укук коргоочу Азимжан Аскаровдун өлүмү, адвокаттардын жана кыйноо курмандыктарынын коопсуздугун камсыздоо маселелери.

Кыргыз өкмөтү 2023-жылдын 17-мартында Комитеттин кийинки чараларынын аткарылышы жөнүндө өз отчетун берди, анда өлкөнүн кылмыш-процессуалдык мыйзам ченемдери жабырлануучуну коргоо, анын ичинде кыйноолордон коргоо механизмдерин карай тургандыгы жөнүндө жооп берилген.

Эл аралык деңгээлде коргоо үчүн кайрылуулар Кыйноолор боюнча атайын баяндамачыга жөнөтүлөт;

"Жарандык шериктештик" платформасы" эл аралык тармагынын өнөктөштүгүнүн алкагында жыл сайын ЕККУ регионунда Кыргызстандын маалыматтарына токтолуу менен кыйноолорго тыюу салуу индексин иликтөөгө катышабыз. Иликтөө Кыргызстанда кыйноолор менен күрөшүү чечимдерин жана системалуу оорчулуктарын ачыкка чыгарууга жардам берет;

Кыйноолор жана катаал мамилелерге байланыштуу кырдаалга обзор, Кыргызстан боюнча индекстин жыйынтыктары жана сунуштамалар Платформанын Кыйноолор менен күрөшүү жумушчу тобунун сайт-ивентинде көрсөтүлгөн.

# Тиркеме

## Алсыз жактары I

Долбоордун адвокаттары бир нече жылдан бери азыноолак акы менен ички механизмдер толук бүткөнгө жана Адам укуктары боюнча БУУ комитетине даттанууларды даярдоого чейин кыйноолордон жабыркагандарды коргоо боюнча иш жүргүзүп келишет;

Кыйноолордун курмандыктарынын квалификациялык юридикалык жардамга акы төлөө мүмкүнчүлүгү жок, алар көбүнчө кылмыш иштеринин фигуранттары катары өтүшөт, буга байланыштуу долбоордун адвокаттары негизги иштер боюнча коргоодо волонтердук башталыштарда катышышат;

Кылмыш мыйзам ченемдерине көбүнчө кирген өзгөртүүлөр жана кошумчалар талкууларсыз жана адвокаттар менен укук коргоочулардын пикирлери эске алынбастан жүрөт;

Тергөөгө чейинки институт киргизилип, Жогорку сотто бир катар соттук актылардын даттанылуусунан тыюу салынгандан кийин оор кырдаал - кыйноого катыштуу адамдардын жоопко тартылбай калуу учурлары пайда болду;

Жергиликтүү соттор адвокаттар келтирген жүйөөлөрдү колдоп жана иштин материалдарын текшерүүгө кайтара алышат, бирок, көзөмөл органдары баш тартууларды кайрадан алып чыгышат;

Жазанын болбой койбостугу принциби иштебейт, кыйноолорго катыштыгы барлар органдарда кызмат кылуусун улантышууда;

# Тиркеме

## Алсыз жактары II

Ал тургай кыйноолор үчүн кызматтык адамдарды кылмыш жоопкерчилигине тартуу учурларында дагы жаза күчүндө калаарына кепилдик жок, себеби, көп учурларда Жогорку сотко кайрылуу аркылуу күнөөлүүлөр айыптоочу өкүмдөрдү четке кактырууга, иштерди кайрадан каратууга жана токтоттуруугa жетишишет. Укук коргоо органдарындагы мурда соттолгон кызматкерлердин кызмат орундары кайрадан калыбына келтирилген фактылар бар;

Кыйноо фактылары боюнча кылмыш иштерин козгоодон баш тартуу канчалык көп болсо, эл аралык механизмдерге кайрылуу дагы ошончолук көп, эл аралык  укук коргоо жамааттарына болгон үзгүлтүксүз кайрылуулар адам укуктарынын бузулушунун деңгээлин көрсөтүп турат, ал эми бул өлкөнүн эл аралык деңгээлдеги имиджине таасир этет;

Фонддорду чектөө жана аярлуу жарандар үчүн квалификациялуу, кайтарымсыз укуктук жардам көрсөтүү боюнча программалардын жана долбоорлордун санынын азайышы;

Мамлекеттик кепилденген юридикалык жардам (МКЮЖ) линиясы боюнча жардамдын натыйжалуулугунун жана кыйноолор боюнча иш жүргүзүүдө адвокаттардын потенциалынын жогорулашы көбүнесе кыйноолор менен күрөштү колдоого жана күчөтүүгө көмөкчү болот; Жабыркагандардын өз укуктарын билбестиги, кармалган учурларда өздөрүн коргой албагандыктары дагы андан аркы адвокаттык жактоону оордотот;

Мамлекеттик органдардагы коррупция жарандардын укуктарын коргоодогу олуттуу тоскоолдук болуп саналат.

# Тиркеме

## Мүмкүнчүлүктөр

- Тергөөгө чейинки текшерүү процедурасын стадия катары жокко чыгаруу
- Кыйноодон жабыркагандарды коргоодо жана ишти ар тараптуу иликтөөгө тоскоолдук берет, ал натыйжалуулугун көрсөткөн жок;
- Конституциялык Сотко Жогорку Сотто кылмыш ишин козгоодон баш тартууларга даттанууларга тоскоолдук берүүчү кылмыш мыйзамынын нормасын четке кагуу боюнча даттануу келтирүү зарыл;
- Кыйноолордон жабыр тарткандардын процессуалдык коопсуздугун камсыз кылуу үчүн териштирүү башталганда кыйноолорго катыштыгы бар кызмат адамдарын ээлеген кызматынан четтетүү;
- Жарандык коомчулук үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн, жооптуу органдын отчеттуулук жана ачык-айкындуулук деңгээлин жогорулатуу үчүн иликтөөчү көз карандысыз органды түзүү;
- Сот органдарында кыйноолордон жабыркагандарды натыйжалуу коргоону камсыз кылуу максатында өз учурунда, сапаттуу, соттук-медициналык жана соттук-психологиялык жана психиатриялык экспертизаларды жүргүзүү;
- Кылмыштык сот өндүрүшүндө тараптардын теңчилиги маселесин көтөрүү.

# Тиркеме

## Коркунучтар

- Жабыркагандардын укуктарын коргоого байланыштуу адвокаттар көп учурда күч түзүмдөрү тарабынан коркутуп-үркүтүүлөргө дуушар болушат, мисалы, 2023-жылдын биринчи жарымында адвокат Ш.Салиевге кыйноодон жабыркаган И. Э.ни коргоого байланыштуу Ош шаарында ыкчам-иликтөө кызматкерлери тараптан коркутуп-үркүтүүлөр болгон;

- Адвокат И.Жураев кыйноодон жабыр тарткан Т. М.ди жактоо мезгилинде КР УКМК тергөөчүсү тарабынан коркутуп-үркүтүүлөргө дуушар болгон. Жабырлануучу А. Ш.ны коргоо менен СОБР (Ыкчам жооп кайтаруучу атайын отряддын) кызматкерлери тарабынан коркутуп-үркүтүүлөргө учураган;

- Катаал мамилелерден жана кыйноолордон жабыркагандардын физикалык жана процессуалдык коопсуздугун камсыз кылуу зарыл;

- Өткөн жылдардагы "Бир Дүйнө Кыргызстан" коргоого алган кыйноолордон жабыркагандардын 8 кейсине анализ жүргүзгөндө болгону эки иш боюнча тергөөчүлөр кыйноодон жабыркагандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча өтүнүчтөрүн канааттандырышкан. Бирок, бул чечимдерде кандай коопсуздук чаралары көрүлгөндүгү тууралуу айтылган эмес;

- Биздин кейстер боюнча укук коргоо органдарынын бир дагы кызматкери сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө кызматынан четтетилген эмес. Тергөөчүнүн аталган аракети укук коргоо органдарынын зомбулук көрсөтүүгө жол берген кызматкерлерине өзүнүн расмий бийлигин колдонуу менен кыйноодон жабыркаган адамга жана анын жакындарына кысым кылууга мүмкүнчүлүк түзөт. Сегиз иштин үч учурунда гана кыйноолордон жабыркагандар эркиндикте калышкан, калгандары негизги айыптоолор боюнча камакка алынышкан.

Суроолоруңуз болсо, кичи пейилдикке, «Бир Дүйнө Кыргызстан» укук коргоо кыймылына: 0312 317671 телефон номери, birduinokyrgyzstan@gmail.com электрондук дареги аркылуу кайрылыңыздар.

**“Кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыркагандарды укуктук коргоо” долбоорунун алкагында кыйноолор жана жоопко тартылбай калуулар менен күрөшүү“ долбоору боюнча отчет “Бир Дүйнө Кыргызстан” укук коргоо уюму тарабынан 2023–жылга Кыйноодон жабыркагандарга БУУнун ыктыярдуу мүчөлүк акылары фондунун колдоосу менен даярдалды.**